УДК 314.15: 305.5 (574)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-45-51

**Көлбаева З.**
ага окутуучу
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Ош ш.
zamirakolbaeva@gmail.com

## СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ УЛУТТАРДЫН ДОСТУГУ

**Аннотация:** бул макалада экинчи дүйнөлүк согуштун кесепети, согуш жүрүп турган мезгилдеги улуттардын достугу, биримдиги, жетишкендиктери, кубаттуу Совет өлкөсү күчтүү бийликтин жана элдеринин ынтымактуу, бирдиктүү аракетинин натыйжасында жеңишке жетишүүсү, Борбор Азияга Эвакуация экономика, маданият жана билим берүү, демография жаатында евразиялык интеграциянын социалдык базасын колдоонун маанилүүлүгү, Эл аралык достук,экинчи дүйнөлүк согуш учурунда көптөгөн эл аралык альянстар түзүлгөндүгү, СССР, АКШ, Улуу Британия жана башка союздаш өлкөлөр фашисттик Германияга каршы биригиши, Альянстар согуштан кийин да эл аралык дипломатиянын, тынчтыкты бекемдөөдө жана экономикалык өнүгүүдө көрсөткөн чоң ролу,миграция жана улуттар аралык мамилелер, согуш учурунда жана андан кийинки жылдары айрым улуттар куугунтукка алынып, башка аймактарга көчүрүлгөндүгү, бул кыйынчылыктарга карабай, көчүрүлгөн элдер жаңы чөйрөлөрдө жашаган башка улуттар менен ынтымакта жашоого кылган аракети, баатырлардын согуш учурунда көрсөткөн эрдиги, Токтогон Алтыбасарованын кылган иши, өмүр таржымалы тактап айтканда эки дүйнөлүк согуштун биздин жашообузга тийгизген таасири берилди.

**Негизги сөздөр:** Экинчи дүйнөлүк согуш, СССР, экономика, эвакуациялоо, фронт, эл аралык мамилелер.

**Көлбаева З.**
старший преподаватель
Ошский государственный педагогический университет
г. Ош
zamirakolbaeva@gmail.com

## ДРУЖБА НАРОДОВ В ГОДЫ ВОЙНЫ

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются последствия двух мировых войны, дружба, единство, достижения народов в годы войны, в нашей жизни, победа могучей советской страны в результате единых и объединенных усилий могущественного правительства и народа, Эвакуация в Среднюю Азию, важность поддержки социальной базы евразийского интеграция в области экономики, культуры и образования, демографии, интернациональной дружбы, второй мировой, образование множества международных союзов во время войны, союз СССР, США, Великобритании и других стран-союзников против нацистской Германии, большая роль, которую сыграли альянсы в международной дипломатии, миро строительстве и экономическом развитии даже после войны, миграция и межэтнические отношения, во время и после войны В последующие годы некоторые

национальности подвергались преследованиям и переселялись в другие регионы, несмотря на эти трудности, переселенные народы старались жить в согласии с другими народностями, живущими в новых условиях, дана храбрость героев во время войны, творчество Токтогон Алтыбасаровой, а именно влияние двух мировых войны в нашей жизни.

**Ключевые слова:** Вторая мировая война, СССР, экономика, эвакуация, фронт, международные отношения.

**Kolbaeva Z.**
Senior Lecturer
Osh State Pedagogical University
Osh c.
zamirakolbaeva@gmail.com

## FRIENDSHIP OF PEOPLES DURING THE WAR

**Annotation:** This article examines the consequences of two world wars, friendship, unity, achievements of peoples during the war, in our life, the victory of the mighty Soviet country as a result of the united and combined efforts of the powerful government and people, Evacuation to Central Asia, the importance of supporting the social base of the Eurasian integration in the fields of economy, culture and education, demography, international friendship, World War II, the formation of many international alliances during the war, the alliance of the SSR, the USA, Great Britain and other allied countries against Germany, the great role that alliances played in international diplomacy, peacebuilding and economic development even after the war, migration and interethnic relations, during and after the war In the following years, some nationalities were persecuted and moved to other regions, despite these difficulties, the resettled peoples tried to live in harmony with other peoples living in new conditions, the bravery of heroes during the war is given, the work of Toktogon Altybasarova, namely the influence of two world wars in our lives.

**Keywords:** World War II, ESSR, economy, evacuation, front, international relations.

Экинчи дүйнөлүк согуш адамзат тарыхындагы эң бир орчундуу жана тагдыр чечилүүчү алааматтардын бири болду. Бул согушта дүйнөнүн бир канча өлкөлөрү катышкан. Кыргызстан ошол мезгилдин күчтүү державасы болгон СССРдин курамында болуп, кан күйгөн согушка өз Ата-Мекенин коргоо үчүн катышты. 65 миллиондон ашык адамдын өмүрүн алган Улуу Ата-Мекендик согуш адамзат тарыхындагы эң оор алааматтардын бири экени баарыбызга белгилүү. Улуу Ата Мекендик согушка Кыргызстандан жалпысынан 365 миң аскер катышкан. Ар кайсы бөлүктөрдө согушуп, акырында 160 миң аскер өз мекенине кайра кайтып келген жок. Булардын ичинде дайынсыз кеткендер да көп болчу. Мекенине кайтып келбей калган миңдеген аскерлердин артында чыркыраган ата-энеси, өмүрлүк жары жана балдары калды. Кан күйгөн согуштун жыйынтыгы баарыбызга белгилүү. Кубаттуу Совет өлкөсү күчтүү бийликтин жана элдеринин ынтымактуу, бирдиктүү аракетинин натыйжасында жеңишке жетишти. Арийне бул жерде элдердин достугу эң башкы орундуу ээледи десек болот. Совет эли фронтто жана тылда дагы өздөрүнүн биримдүүлүгүн жана достугун көргөзө алды.

Кыргызстан аскерге 360 миңден ашык адамды, же өлкөнүн ар бир төртүнчү жашоочусун согушка жөнөткөн жана согуш жылдары өлкөгө 300 миңден ашык жаңы

тургундарды кабыл алган. 30 миңден ашык кыргызстандыктар республикадан тышкары аскердик өнөр-жай ишканаларына жөнөтүлгөн [3].

Кыргыз эли фронтто гана эмес тылда дагы өзүнүн мейман достугун көрсөтө алды десек болот.

Кыргызстанга завод-фабрикалар менен оккупацияланган аймактарда СССР калкы да мобилизацияланган [4]. Демек өлкөнүн согуш болбогон тынч жактарына завод-фабрикаларды көчүрүүнүн натыйжасында биздин аймакка дагы жайгаштыруу башталган. Көчүрүлүп келинген завод-фабрикалардын эсебинен өлкөбүздүн экономикасы өнүгүүнүн жогорку деңгээлине чыкты. Эвакуацияланган элдердин натыйжасында Кыргызстанда илим-билим жана маданият өнүктү.

Согуш жылдарында Кыргызстан 300.000ге жакын жарандарды кабыл алган [4].

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде ошол социалдык чөйрө үчүн азыркыга чейин туруктуу болгон дагы бир нече өбөлгөлөр коюлган. Борбор Азияга Эвакуация экономика, маданият жана билим берүү, демография жаатында евразиялык интеграциянын социалдык базасын колдоонун маанилүү фактору болуп калды.

“Согуш учурунда миллиондогон адамдардын өмүрүн сактап калууга мүмкүндүк берген, маданий мурасты сактап калган, ошондой эле советтик аскер экономикасын жумушчу күчү, интеллектуалдык ресурс жана өндүрүштүк кубаттуулуктар менен толуктаган эвакуация Евразиялык интеграцияда маанилүү ролду ойноду” [5].

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Орто Азия эң аз дегенде 820 миң адамды кабыл алган. Алардын 20% га жакыны кыргыз, түркмөн жана болжол менен 40% өзбек жана казак ССРлерине жайгаштырылган. Мындай бөлүштүрүү транспорттук жеткиликтүүлүк жана учурдагы инфраструктуралык региондун Республикаларынын потенциалы кыйла өнүккөндүгүнөн кабар берет. Жарандык эвакуациянын динамикасы жөнүндө сөз кылууда эвакуацияланган жарандардын көпчүлүк бөлүгү регионго биринчи жолу келген деп айтууга болот [2].

Демек согуш мезгилинде эвакуацияланган жарандарды кабыл алууда жана аларды жайгаштырууда өлкөбүз өзгөчө орунду ээледи. Бул процесстин натыйжасында элдердин ортосунда карым-катнаш жана достук мамиле калыптанды деп так кесе айтууга болот.

Бул процесстин натыйжасы жарандардын өмүрүн, өндүрүштөрдү, маданий мурас объекттерин жана маданий мекемелерди душмандан куткаруу гана эмес (эвакуациянын негизги максаты болгон), ошондой эле кабыл алуучу коомду маданий байытуу болду. Согушка чейин эле башталган урбанизация процесстери, согуш учурунда жана андан кийин эвакуациянын жана реевакуациянын натыйжасында калктын массалык миграциясы этностор аралык байланыш зонасын кеңейтти жана СССРдеги ар кандай этникалык топтордун 1959-1989-жылдары болгон. СССР үй-бүлөлөрдүн жалпы санынын 10% дан 17% га чейин өскөн [1].

Улуу Ата-Мекендик согуш мезгилинде элдердин арасындагы карым-катнаш жана өз ара байланыштын натыйжасында бир нече интернационалдуу үй-бүлө курулду. Бул дагы болсо элдердин ортосунда илим-билим жана маданият менен гана байланыштуу болбостон үй-бүлөлүк карым-катнаш бекемделгендигинен кабар берет. Андан сырткары эвакуацияланган балдардын ичинен ата-энеси жок жетим балдарды бир нече үй-бүлө асырап алды.

1942-жылдагы документ боюнча "эвакуацияланган калктын негизги агымы Фрунзе шаарына жөнөтүлгөн жана негизинен Фрунзе облусунда бөлүштүрүлгөн. Фрунзе шаарында

бул максат үчүн максималдуу өткөрүү жөндөмдүүлүгү 400-500 адам болгон колхозчунун үйү - мейманкана бөлүнгөн. Ошондой эле Ош жана Жалал-Абад шаарларында эвакопункттар уюштурулган" - деп белгиленген [8]. Келген жерде эвакуацияланган калк жеке сурамжылоодон өткөн. Андан кийин, адистиктер боюнча тандоо жүргүзүлүп, адамдар жумушка жөнөтүлгөн. Адистиги жок адамдарды республиканын колхоздоруна жөнөтүлгөн. Документтерге жана паспортко тигил же бул үй-бүлө кайсы районго жөнөтүлгөнү тууралуу белги коюлган. Эгерде үй-бүлө эвакопункттун жолдомосу жок кирген болсо, анда ал эвакуацияланган адамдын артыкчылыктарынан пайдалана албай калган. Согуш жылдарында Кыргызстанга 3 миңге жакын бала келген. Балдардын бир бөлүгү балдар үйлөрүнө бөлүштүрүлүп, бир бөлүгүн Кыргыз үй-бүлөлөрү тарбиялоого алышкан.Ошону менен бирге, ошол аскердик жылдарда республиканын аймагына киргендерди каттоо жана эмгек ресурстарын райондор жана шаарлар боюнча бөлүштүрүү боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Кыргызстандык Токтогон Алтыбасарова Улуу Ата-Мекендик согуш учурунда, ал курчоого алынган Ленинграддан келген 150 баланын энесинин ордун алмаштырды. 16 жашында аларды камкордук жана көңүл буруу менен өз мээримине алды. Ал Ысык-Көл облусунда блокадада турган шаардан келген балдарды бөлүштүрүү менен алектенген. Жетимдер жергиликтүү колхоздун жатаканасында жашашкан жана кийинки он жылда анын камкордугунда болушкан. Согуштан кийин анын тарбиялануучулары өлкө боюнча тарап кетишкен [7]. Бул жерде кыргыз кызынын каармандык менен жардам берип жаткандыгын билсек болот. Өлкөлөр жана элдердин ортосундагы ынтымак бекем достук мамиле биримдикте болушун. Буга дал биз сөз кылып жаткан Токтогон Алтыбасарованын мисалында билсек болот.

*Нас принимали, на руках несли. 16-летняя девочка тоже участвовала. Кто-то звал ее мамой, кто-то Токтогон. Мы ее называли нашей мамой!*

*Екатерина Шершнева, воспитанница детского дома [7].*

*«Детей привезли голодными, рваными, неодетыми», — со слезами на глазах вспоминала Токтогон, — «Некоторым было по два, по три с половиной года. Они не знали, где остались родители» [10].*

Көптөгөн балдар жаңы ысымдарды жана фамилияларды алышты. Токтогон дарыгерлер менен бирге жаш балдардын жаш курагын аныктап, алардын көбүнүн аты-жөнүн ойлоп табышкан. Анткени Ленинграддан Ысык-Көлгө чейинки жол узун болгондуктан, колго байланган кагаздагы жазылган аты балдардын көз жашы себептүү өчүп калган. Бул аялды тааныгандар ал өмүр бою тарбиялануучуларынан кат алып тургандыгын жана аларды кылдаттык менен сактаганын айтышат.

Ал тууралуу гезиттерге жана телекөрсөтүүлөргө көп жазышчу, анда Токтогон: "Бул балдарды мен өз балдарымдай жакшы көрчүмүн жана аларды дайыма күтөм" [10]. деп өз маектеринде баса белгилеп кеткен. Эне мээримин берген тарбиялануучулары байланышын үзбөстөн кабар алып кат алышып турушту.

1941-жылдын башына карата өлкөнүн калкынын саны статистика боюнча 1 млн. 588 миң адамды түзүп, 1946-жылдын башына карата 1 млн. 457 миң адамга чейин кыскарган [6]. Кыргызстан калкынын саны согуш жылдары көбөйгөндүгүнөн кабар берет. Көчүрүлүп келген адамдарга кыргыз эли өз жардамын аяган жок. Алардын муктаждыгын чечип жардам берип өз камкордугуна алышты. Бул жерден элибиздин меймандостугуна баа бербей коё албайбыз.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Кыргызстандын тургундары 189 миллион сом чогултуп, коргоо фондуна жөнөтүшкөн. 57,3 миллион мамлекеттик облигация сатылып алынган. Кыргызстандан фронтко 195 вагон азык-түлүк, 550 миң жылуу кийим жана 38 миңден ашык жеке аманат жөнөтүлдү. Кыргыз эли 1942-1943-жылдары курчоого алынган Ленинград шаарына 100дөн ашык вагон азык-түлүк жөнөткөн. Колхоздор жана совхоздор коргонуу фондуна 4,5 миллион пуд дан жана 500 миң пуд эт беришкен. Кыргызстандын жумушчулары нацисттик оккупациядан бошотулган адамдарга да жардам беришкен. Республиканын колхоздору жана совхоздору аларга 130миң бодо мал, кой жана эчки жөнөтүшкөн [9].

Ошентип Кыргызстан элдеринин бирдиктүү достук аракеттеринин натыйжасы аркылуу жеңишке себеп боло алышты. Кыргыз эли терең тылда коопсуз отурушкан жок. Алар мекендештерге жардамга келишти. Албетте, СССРдин бардык элдери айласы кеткен эрдикти көрсөтүштү, ар бири жеңиш үчүн жогорку бааны төлөштү. Демек элдердин ынтымагы биримдиги болсо сырттан кол салган душман да жеңилүүгө учураарына ынансак болот.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы улуттардын достугу — бул күрөштүн жана ынтымактын эң маанилүү үлгүлөрүнүн бири. Бул мезгилде ар түрдүү улуттардан чыккан адамдар бир максат үчүн, фашизмди жеңүү жана адамзаттын эркиндиги үчүн биригишкен. Согуш жылдарында көптөгөн мамлекеттер, элдер жана улуттар кыйынчылыктарга, коркунучтарга карабастан, биргелешип аракет кылышкан.

Советтик улуттардын достугу: СССР көп улуттуу мамлекет болгондуктан, согушта биргелешкен аракеттердин мааниси зор эле. Бул мамлекетте жашаган орустар, украиндер, белорустар, казактар, кыргыздар, өзбектер жана башка улуттар согушта активдүү катышкан. Алардын ынтымагы согуш талаасында жана тылда да байкалган. Улуттардын биримдиги куралдуу күчтөрдө гана эмес, өндүрүштө, дыйканчылыкта, согуш үчүн керектүү материалдарды өндүрүүдө да чагылдырылган.

Эл аралык достук: Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда көптөгөн эл аралык альянстар түзүлгөн. СССР, АКШ, Улуу Британия жана башка союздаш өлкөлөр фашисттик Германияга каршы биригишкен. Бул альянстар согуштан кийин да эл аралык дипломатиянын, тынчтыкты бекемдөөдө жана экономикалык өнүгүүдө чоң роль ойногон.

Миграция жана улуттар аралык мамилелер: Согуш учурунда жана андан кийинки жылдары айрым улуттар куугунтукка алынган жана башка аймактарга көчүрүлгөн. Бул кыйынчылыктарга карабай, көчүрүлгөн элдер жаңы чөйрөлөрдө жашаган башка улуттар менен ынтымакта жашоого аракет кылышкан. Согуш жылдарына мүнөздүү болгон көп улуттуу коллективдерде достук, өз ара жардамдашуу жана сабырдуулук сыяктуу баалуулуктар калыптанган.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында улуттардын достугу жана биримдиги бир нече маанилүү аспектилерде байкалган:

Согуш майданында ар түрдүү улуттардан келген жоокерлер бир фронтто, бир максат үчүн согушкан. СССРдин Кызыл армиясында ар түрдүү элдердин жоокерлери бир командада болуп, бири-бирин колдоп, ынтымакта болушкан. Бул көп улуттуу мамлекеттин күчүн жана алардын биримдикке умтулушун көрсөткөн. Мисалы, фронттогу кыргыз, казак, татар, грузин, азербайжан, армян жоокерлеринин эрдиктери тарыхта сакталып калган.

Согуштун тылында иштеген адамдардын арасында да улуттар аралык биримдик көрүнүктүү болгон. Заводдордо, фабрикаларда жана дыйканчылыкта ар кандай улуттагы жумушчулар согуштук өндүрүштү камсыз кылуу үчүн күч-аракеттерин бириктиришкен.

Жаңы жерлерде көчүрүлгөн элдер тылда иштеп, жалпы максат үчүн эмгектенишкен. Согушту камсыз кылуу үчүн ар бир улуттун өкүлдөрү өз салымын кошуп, орток жыргалчылык үчүн аракет кылышкан.

Согуш жылдарында миллиондогон адамдар куугунтукталып, жаңы аймактарга көчүрүлгөн. Бул көчүрүүлөр көптөгөн улуттарга таасирин тийгизген. Кыргызстан сыяктуу өлкөлөргө Кавказдан, Украинадан жана Крымдан куугунтукка алынган элдер көчүрүлүп келген. Жергиликтүү элдер бул адамдарды колдоо көрсөтүп, алар менен чогуу жашоо үчүн шарттарды түзүшкөн. Бул жагдай да элдердин бир-бирин түшүнүүсүн жана колдоосун тереңдеткен.

Согуш жылдарында жана андан кийин улуттар аралык достук көптөгөн элдердин маданиятын жана тилин бириктирип, ар бир улуттун салттарын баалоого жана урматтоого өбөлгө түзгөн. Согуштан кийин СССРде "достук улуттардын үй-бүлөсү" деген концепция жайылган. Бул концепция улуттар ортосундагы тынчтыкты жана маданий байланыштарды чыңдоого багытталган. Маданий жана тилдик жакындашуу улуттар арасындагы ынтымакты бекемдеп, келечекте көп улуттуу мамлекеттердин тынчтыкта жашоосуна негиз болгон.

Экинчи дүйнөлүк согушта фашизмге каршы күрөшкө гана эмес, согуштан кийинки тынчтык орнотууга жана жаңы дүйнөлүк тартип түзүүгө багытталган эл аралык достук мамилелер күчөгөн. Эл аралык деңгээлде СССР, АКШ, Улуу Британия, Франция жана башка көптөгөн мамлекеттер фашизмди жеңүү үчүн күчтөрүн бириктиришип, кийин БУУ (Бириккен Улуттар Уюму) сыяктуу тынчтыкты сактоо институттарын түптөшкөн. Бул да улуттар аралык достуктун кеңейишине жана дүйнөлүк тынчтыкка болгон умтулуунун күчөшүнө шарт түзгөн.

Жыйынтыктап айтканда, Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы улуттардын достугу — бул адамзаттын эң оор сыноолорунда элдердин биримдикке жетип, бир максат үчүн чогуу аракеттенгенинин жана бул достуктун маанилүү тажрыйба болуп калганынын жаркын мисалы. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы улуттардын достугу жалпы душманга каршы күрөштүн жана ар кандай маданияттарды, элдерди жакындаштыруунун үлгүсү болуп кала берди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алексахина Н.А. Тенденции в изменении национальной идентичности народов России Курьер. 2019. № 4 (6). Статья 9.
2. М.П. Беленко. Эвакуация гражданского населения в среднеазиатские республики СССР в годы Великой Отечественной войны.
3. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы, Бишкек, 1995-ж.
4. МАНАС ГЕЗИТИ/ АПЕРЕЛЬ'20 / 78-САН
5. Райер А. Значение Великой Отечественной войны в Евразийской интеграции // Доклады, прозвучавшие на конференции «Победа, добытая единством: Молодежь и сохранение исторической памяти о Великой победе»
6. http://www.stat.kg/ru/news/kyrgyzstan-v-velikoj-otechestvennoj-vojne-cifry-i-fakty/
7. https://alif.tv/roditeli-gastarbajterov-spasli-milliony-russkih-lunnyj-kalendar/
8. https://grs.gov.kg/ru/vov/119-kyrghyzstan-prinimaiet-evakuirovannykh/
9. https://mfa.gov.kg/tr/dm/5e6a2fb3694e2/news/6570

10. https://www.pravmir.ru/toktogon-altyibasarova-kak-16-letnyaya-devochka-stala-materyu-150-i-detey/

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Шарипова Р.**